Кырг
2020-74

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А.А. АЛТМЫШБАЕВ атындагы ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Б.Н. ЕЛЬЦИН атындагы КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЭЛ АРАЛЫК БАШКАРУУ, УКУК, КАРЖЫ ЖАНА БИЗНЕС АКАДЕМИЯСЫ**

**Диссертациялык кеңеш Д 12.20.617**

*УДК 347.999:347.998.72 (575.2)(043)*
*Кол жазма укугунда*

**Сатаркулова Индира Сабатбековна**

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗСТАНДА ЭЛ АРАЛЫК КОММЕРЦИЯЛЫК АРБИТРАЖДЫН ЧЕЧИМДЕРИН ТААНУУНУ ЖАНА АТКАРУУНУ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ТЕОРИЯЛЫК-УКУКТУК ЖАНА КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЕХАНИЗМДЕР

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы жана 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук

**Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек- 2020**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүндө аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Азиз Канатбек**
саясий (юридика) илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун Саясат таануу жана мамлекеттик башкаруу маселелери бөлүмүнүн башкы илимий кызматкери

**Расмий оппоненттер:** **Розахунова Нонна Расуловна**
юридика илимдеринин доктору, профессор, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин конституциялык жана административдик укук кафедрасынын башчысы

**Юнусова Хадича Абдумаликовна**
юридика илимдеринин кандидаты,
«Ала-Тоо» Эл аралык университетинин эл аралык укук кафедрасынын улук окутуучусу

**Жетектоочү уюм:** Ош мамлекеттик юридикалык институтунун «Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы»; "Конституциялык жана муниципалдык укук" кафедралары. Кыргыз Республикасы, Ош ш., Салиева көчөсү, 40 В.

Диссертация 2020-жылдын 17-декабрында саат 10.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтуна; Кыргыз-Россия Славян университетинин Жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик билим берүү мекемесине; Эл аралык башкаруу, укук, каржы жана бизнес академиясына караштуу Д.12.20.617 диссертациялык кеңештин отурумунда корголот. Дареги: 720031, Бишкек ш., Белорусская көчөсү 6а., диссертациялык зал (1-кабат).

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан, дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а; Кыргыз-Россия Славян университетинин Жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик билим берүү мекемесинин китепканасынан, дареги: 720021, Бишкек ш., Киев көчөсү, 44; Эл аралык башкаруу, укук, каржы жана бизнес академиясынын китепканасынан, дареги: 720031, Бишкек ш., Белорусская көчөсү 6а., жана disserlaw.krsu.edu.kg. сайтынан таанышууга болот.
Автореферат 2020-жылдын 16-ноябрында таркатылды.

**Д 12.20.617 диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Жылкычиева К.С.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** дүйнөлүк практикада жана Кыргызстанда калыптанып, өнүгүп келе жаткан талаш-тартыштарды чечүүнүн альтернативдүү ыкмаларын, эл аралык коммерциялык арбитраждын алкагында кабыл алынган чечимдерди таануунун жана аткаруунун конституциялык-укуктук механизмдерин ар тараптуу изилдөөнүн жана Кыргыз Республикасында мындай чечимдерди аткаруу практикасында пайда болгон укуктук көйгөйлөрдү чечүү жолдорун издөөнүн зарылдыгы менен аныкталат.

Азыркы учурда ар кайсы өлкөлөрдө Азыркы учурда, ар кайсы өлкөлөрдө, ишкерлердин, мамлекеттик жана коммерциялык түзүмдөрдүн ортосундагы жарандык-укуктук талаш-тартыштарды, чет элдик элемент менен татаалдаштырууну кароо мамлекеттик соттор тарабынан дагы, альтернативдик арбитраждар тарабынан дагы жүзөгө ашырылат.

Талаш-тартыштарды чечүүнүн альтернативдик методдорунун тутумуна бейтарап (третейлик) соттор, эл аралык коммерциялык арбитраждан жана медиациялар кирет. Кыргыз Республикасында «бейтарап (третейлик) сот» деген термин негизинен мамлекеттин аймагында болгон бейтарап сот дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан тактап койчу нерсе, эл аралык коммерциялык арбитраж – бул бейтарап териштирүүнүн ар түрдүүлүгү, бирок тараптардын ортосундагы талаш-тартыштар боюнча атайын эл аралык органдар тарабынан чет элдик элементтин катышуусу менен эл аралык коомдук укуктун ченемдеринин негизинде жүргүзүлөт.

Белгилей кетчү нерсе, азыркы Кыргызстанда бейтарап териштирүү жана эл аралык коммерциялык арбитраж, ошондой эле алар тарабынан чыгарылган чечимдерди аткаруу маселелерин талкуулоо процессинде бардыгынан мурда «медиация» деген түшүнүккө байланышкан маселе пайда болот.

Ата-мекендик конституциялык мыйзамдардын институтунда медиация өзүнүн ордун кийинчерээк эле тапты. Алсак, 2017-жылы Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамы кабыл алынган, бул мыйзам жарандык, үй-бүлөлүк жана эмгек мамилелеринен келип чыккан талаш-тартыштарды, ошондой эле мыйзамда каралган учурларда талашкан тараптардын кызыкчылыктарын макулдашуу жолу менен алардын өз ара алыгылыктуу позициясына жетишүүсү жана медиация келишимин түзүү үчүн жазык-укуктук мамилелерди жөнгө салуу процедураларын регламенттейт. Коммерциялык чөйрөдө медиациянын негизги максаты: өнөктөштүк мамилелерди сактоо; бизнестин активдүүлүгүн күчөтүү; өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү болуп калды. Башкача айтканда, укуктук жана практикалык мааниде, элдешүү сүйлөшүүлөрүн уюштурган ортомчу түрүндө иш алып барган, арбитражга чейин боло турган институт түзүлдү. Ошол эле учурда, талаш-тартыштарды жөнгө салууда бул механизмдин маанилүүлүгүнө карабастан, медиация бул изилдөөнүн предметине кирбейт.

Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугунун негизги өзөгү - Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери мамлекеттин тышкы саясатындагы артыкчылыктуу багыт болуп, өлкөнүн жашоо турмушунун соода, өнөр жай, өндүрүш, айыл чарба жана башка тармактарында өз ара пайдалуу мамилелерди орнотуу эсептелет Мамлекеттин өнүктүрүүнүн улуттук стратегияларында жана программаларында көп тараптуу жана регионалдык интеграциялык бирикмелерде Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарын илгерилетүү, товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорттук рыногун кеңейтүү, чет элдик капиталды тартуу, эл аралык стандарттарга ылайык келген өндүрүштүк сапаттуу инфраструктураны түзүү ж.б. дайыма белгиленип келет. Бирок, өлкөдө сот өндүрүшүндө бузулган укуктарды коргоо жана калыбына келтирүү механизмдеринин чабалдыгынан, сот чечимдеринин жай аткарылышынан жана юридикалык жардамдын сапатынын төмөндүгүнөн улам, жарандардын сот адилеттигине жетүү көйгөйү сакталып калууда. [*Об утверждении*

жарыяланган илимий макалалар Кыргызстандагы эл аралык жана бейтарап арбитраждын ишмердүүлүгүнүн айрым тар маселелерине жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышына багытталып топтолгон.

Изилдөө темасынын комплекстүүлүгүнө жана масштабына байланыштуу, бул эмгекте каралган маселелерди жүзөгө ашыруунун теориясы менен практикасынын чет өлкөлүк маанилүү изилдөөлөрүнүн ичинен юристтердин жана укук таануучулардын эң аз же олуттуу эмгектерин бөлүп көрсөтүү өтө кыйын. Ошентсе да, Россия менен Казакстандын төмөнкү окумуштууларынын эмгектерин көрсөтө кетүү зарыл: В.М. Анурова, Л.П. Ануфриева, К.А. Бекяшева, М.М. Богуславского, А.И. Вакула, О.О. Виноградова, Н.А. Васильчикова, Е.В. Васьковского, Е.Б. Веред, Н.Г. Вилкова, П.Н. Евсеева, О.Г. Казанцева, Б.Р. Карабельникова, А.С. Комарова, А.А. Костина, В.М. Корецкого, С.А. Кравцова, С.А. Курочкина, С.Н. Лебедева, А.И. Минакова, В.А. Мусина, О.Ю. Скворцова, М.К. Сулейменова, Н.К. Толчеева, С.В., А.Г. Федорова, С.В., Черниченко, В.В. Яркова ж.б.

Чет өлкөлүк окумуштуулардан төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: Ahmed Almutawa, George A. Bermann, Sébastien Besson, Eves Derains, Joachim J.Frick, Martin F. Gusy, Eckhard R. Hellbeck, James M. Hosking, Carolyn B. Lamm, Mistelis Loukas, Jean-François Poudret, William W.Park, Brekoulakis Stavros L., Eric A. Schwartz, Franz T. Schwartz, Andrea Marco Steingruber, István Szászy, Jefrey M. Waincymer ж.б.

*«Кыргыз Республикасында бейтарап сот институтунун калыптануу тарыхы жана бейтарап соттордун өнүктүрүү жаатындагы мыйзамдуу реформалар»* деген аталыштагы **биринчи бөлүмдө** автор тарабынан Кыргызстанда бейтарап териштирүү институтунун жайылышынын тарыхый этаптары каралат, Советтик мейкиндикте бейтарап соттордун өнүктүрүүнүн ири масштабдуу башталыштары болуп 1930 жана 1932-жылдары 2 соттун: Деңиз арбитраждык комиссиясынын туруктуу бейтарап сотунун жана Москвадагы Бүткүл союздук соода палатасына караштуу Тышкы соода Арбитраждык Комиссиясынын түзүлгөндүгү ачылып берилет. [*Арямов, А. А. Перспективы развития третейского судопроизводства [Электронный ресурс] / А. А. Арямов. – Режим доступа: http://www.pravosoznanie.org/917. – Загл. с экрана.*].

Бирок, Кыргызстанда рыноктук мамилелердин өнүгүүсү менен Кыргызстандык мамлекеттик сот системасында доолордун санынын дайыма өсүүсүн жөнгө салуу кыйын боло баштарын түшүнүү менен 1993-жылы эле өлкөдө талаштарды жөнгө салуунун альтернативдик механизмин түзүү идеясы пайда болгон, ал Кыргыз Республикасынын жарандарына талаштарды соттон тышкары жөнгө салуу үчүн бейтарап соттордун түзүү укугун берүү жолу менен конституциялык тартипте бекитилген. 1994-жылдын апрелинде «Кыргыз Республикасынын соода-өнөр жай палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынган, ал эми сегиз айдан кийин Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын Президиуму тарабынан дайыма иштей турган бейтарап арбитраждык соту түзүлгөн. 1997-жылы Конституциялык сот бейтарап соттун Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы тарабынан түзүлүшүн конституцияга жатпайт деп тапкан, бул бейтарап сот институтунун өнүгүүсүн токтоткон. 2001-жылы "Бейтарап арбитражды түзүү жана анын агрардык чөйрөдө иштөөсү боюнча пилоттук долбоорлорду өткөрүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык, Чүй облусунун Сокулук жана Ысык-Ата райондорунда, Ош облусунунКара-Суу районунда жана Жалал-Абад облусунун Сузак районунда агрардык чөйрөдөгү мүлктүк талаштарды кароо боюнча бейтарап арбитражды түзүү жана анын иштөөсү боюнча пилоттук долбоорлорду өткөрүү жактырылган. 2002-жылдын 30-июлунда Кыргыз Республикасында "Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынган. 2003-жылы көрсөтүлгөн мыйзам "Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы деп өзгөртүлгөн, ал бүгүнкү күнгө чейин



Кыргызстандагы бейтарап соттордун ишмердигин жөнгө салуучу жалгыз атайын мыйзам болуп калып келет.

2006-жылдагы конституциялык реформанын негизги жетишкендиги болуп, бейтарап соттор Кыргызстандын жарандары тарабынан түзүлө ала тургандыгы жөнүндө чечим эсептелет. 2010-жылы Кыргызстандын Конституциясын кабыл алуу менен бейтарап соттору түзө ала турган субъект жөнүндө талаптарды жокко чыгарган ченем киргизилген. Жүргүзүлгөн мыйзам жаратуучулук реформалардын натыйжасында "Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө" мыйзамга ылайык бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында үзгүлтүксүз иштеген жана бир жолу иштеген бейтарап соттор өз алдынча түзүлө алат, анткени алар конкреттүү талашты чечүү үчүн түзүлөт. Кыргыз Республикасында бейтарап сотторго мамлекеттик соттордун чечимдерине барабар келген статус берилген, бир гана айырмасы мамлекеттик сотторго караганда бейтарап соттор өзүлөрүнүн чечимдерин мажбурлап аткартуунун укуктук механизмдерине ээ эмес.

Ошентип, Кыргыз Республикасында бейтарап соттор институтун жайылтууга мүмкүндүк берген сот системасынын конституциялык реформалары коомдун кызыкчылыктарын өнүктүрүүгө жана анын жашоо шартын жана муктаждыктарын жакшыртууга багытталган мамлкеттин коомдук, саясий жана социалдык өнүктүрүүнүн объективдүү принциптерине негизделген деген тыянак чыгарууга болот.

*"Заманбап Кыргызстандагы эл аралык коммерциялык арбитраж: ишмердигинин маңызы, укуктук негиздери, түрлөрү жана принциптери"* **деген экинчи бөлүктө** бар болгон доктриналарга, Кыргызстандын жана башка мамлекеттердин мыйзамдарынын мисалында анын ишмердигинин жана статусунун конституциялык-укуктук негиздерге ылайык эл аралык коммерциялык арбитраж институту комплекстүү каралат. Юридика илимдеринин доктору Н.Ю. Ерпылева белгилегендей, юридикалык илимде эл аралык коммерциялык арбитраждын маңызы бир нече аспектилерде түшүндүрүлөт: коммерциялык талаштарды кароо механизмин белгилөө үчүн, коммерциялык талаштарды кароого арналган органды белгилөө үчүн жана талашы кароо үчүн тандалган же аныкталган арбитраждын (бир арбитражды же 3 арбитрды) курамын белгилөө үчүн [*Ерпылева, Н. Ю. Международный коммерческий арбитраж: правовые основы функционирования [Текст] / Н. Ю. Ерпылева. – Междунар. право. – 2013. – № 1. – С. 1-74.*].

Илимде бүгүнкү күндө арбитраждын 4 теориясын бөлүп карашат: - келишимдүү, - процесстик, - автономдуу, - аралашма. Эл аралык коммерциялык арбитраждардын укуктук негизин көп тараптуу эл аралык конвенциялар, келишимдер түзөт, ал эми белгилүү мамлекеттин ички мамлекеттик деңгээлинде эл аралык коммерциялык арбитражды укуктук жөнгө салуу тийиштүү мыйзамдарды кабыл алуу менен жүзөгө ашырылат. Бирок, ар түрдүү мамлекеттерде конституциялык тартипте, же болбосо кыйыр, ар башка мамлекеттердин ички мыйзамдарында эл аралык укуктун ченемдеринин жана бул мамлекеттердин улуттук мыйзамдарынын ченемдерин башкарган анын инструменттеринин артыкчылык маселеси ар кандай каралат. Кыргызстандын иштеп жаткан Конституциясы эл аралык укуктук принциптеринин жана ченемдеринин ички мамлекеттик мыйзамдардан артыкчылыгына түз көрсөтмөнү камтыбайт. "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасында мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелеген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын түзүүчү бөлүгү болуп эсептелет.

Заманбап Кыргызстанда эл аралык арбитраждын жайылтылган түрлөрүнүн бири эл аралык инвестициялык арбитраж болуп калды, ал тарабынан кабыл алынган тийиштүү эки тараптуу макулдашууда алдын ала каралган инвесторлорго бирдей мамиле кылуу стандартарынын бузулушу предметине эл аралык инвестициялык арбитраждын алкагында мамлекеттин суверендүү аракеттери талашууга жатат. Эл аралык инвестициялык

Бул **изилдөөнүн негизги объектиси** болуп эл аралык коммерциялык арбитраждын ишмердүүлүгүнүн процессинде жана анын тарыхый өнүгүү контекстинде анын чечимдерин аткарууда өнүгүп жаткан коомдук мамилелер жана укуктун өнүгүшүнүн ар кандай этаптарындагы конституциялык-укуктук өзгөчөлүктөр эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** - талаш-тартыштарды кароодо эл аралык коммерциялык арбитраждардын ишмердигин конституциялык-укуктук жөнгө салуу, эл аралык коммерциялык арбитраждардын чечимдерин талашуу, таануу жана аны аткаруу боюнча мамлекеттик соттордун практикасы.

**Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизи** болуп таануунун төмөнкүдөй методдору эсептелди: талдоо, синтез, жалпылоо, окшоштук, системдик мамиле, тарыхый-укуктук, салыштырма-укуктук, социологиялык, логикалык изилдөө, диалектика, моделдөө, укуктук интерпретациялык, индукция жана дедукция методу, формалдуу-юридикалык, байкоо методу, сүрөттөө, абстракциялоо ж.б.

Диссертациялык изилдөөнүн негизин эң башкылардан болуп мамлекеттин жана укуктун, конституциялык укуктун жана эл аралык жеке укуктун теориясы жана тарыхы боюнча илимий эмгектер, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдардын жоболору жана чет өлкөлүк арбитраждык органдардын чечимдерин таануу жана аткаруу боюнча өлкөлөрдүн милдеттерин аныктай турган, Кыргызстан үчүн күчүнө кирген эл аралык конвенциялар жана келишимдер түзөт.

Айрым маселелерди изилдөөдө чет өлкөлүк арбитраждык чечимдерди аткарууда баш тартуу тууралуу иштер боюнча бейтарап соттордун, ата-мекендик мамлекеттик соттордун, айрым чет өлкөлүк соттордун практикалары каралды, чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн жана соттордун пикирлери берилди.

Бул эмгекте колдонулган ата-мекендик сот практикасынын материалдары автор тарабынан мамлекеттик бийлик органдарынын жана электрондук укуктук тутумдардын жарыяланган расмий басылмаларынан чогултулган.

Эл аралык коммерциялык арбитраж институнун ишмердигинин теориялык жана конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөдө автор жалпы жана Кыргызстандагы арбитраж институтунун өнүгүүсүнүн жалпы динамикасын кароодо тарыхый-укуктук талдоону колдонгон. Бейтарап арбитраждын жана эл аралык коммерциялык арбитраждын жана алар кабыл алган чечимдердин статусун өзгөртүү жаатындагы мыйзамдардын өнүгүүсүнүн жана реформаланышынын этаптуулугуна, ырааттуулугуна байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгында логикалык изилдөө укуктук объектини тарыхый түшүнүү менен толукталды. Арбитраждык эскертменин түшүнүгүн, түрлөрүн, өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө диссертациялык иштин автору ар түрдүү тарыхый-укуктук теориялардын жана доктриналардын методологиялык синтезин, салыштырма-укуктук методду колдонгон. Диссертацияда коюлган тапшырмаларды ишке ашыруу өз кезегинде диалектикалык ыкманын жалпы методологиялык принциптерине кайрылууга шарттады. Диалектикалык метод мамлекеттик соттор менен эл аралык коммерциялык арбитраждардын, бир жагынан чет элдик арбитраждык чечимдерди таанууга жана аткарылуусуна алып келүүгө көмөк көрсөтүү, экинчи жагынан арбитраждардын ишмердигине мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруу боюнча аларга берилген ыйгарым укуктарды ишке ашырууда өз ара аракеттешүү маселелеринде болуп жаткан процесстерди жана көрүнүштөрдү карап чыгууга мүмкүндүк берди. Чет элдик арбитраждардын чет элдик инвестициялар чөйрсүндөгү чечимдерин таануунун жана аткаруунун актуалдуу көйгөйлөрүн кароодо автор изилденип жаткан тематикадагы көйгөйлөрдү аныктоонун толуктугу жана аларды чечүү жолдорун иштеп чыгуу үчүн баяндама, укуктук интерпретациялык, формалдуу-юридикалык методорун, байкоо методун колдонгон. Изилдөөдө формалдуу-юридикалык сыяктуу жана башка жеке методдор колдонулган, буларды колдонуу жыйындысында изилдөө предметин тереңирек кароого мүмкүндүк берди.



*"Арбитраждык макулдашуу эл аралык коммерциялык арбитраждын негизи катарында"* **деген биринчи бөлүктө** эл аралык коммерциялык арбитраждарга талаштарды арбитраждык эскертүү, макулдашуу, жазуулар түрүндө кароого юрисдикция берген негиздердин ар түрдүү формалары, түрлөрү, өзгөчөлүктөрү, укуктук жөнгө салынуусу жана көйгөйлөрү каралат. Кыргыз Республикасында талаштарды жөнгө салуунун ыкмасын бекемдеген жайылтылган ыкма катарында арбитраждык же бейтараптык эскертме эсептелет. Арбитраждык эскертменин бар болуусу эл аралык арбитраждык териштирүүнү соттук териштирүүдөн айырмалайт, анткени талаш пайда болгон учурда сот органдарынын юрисдикциясы күчүнө кириши үчүн өзүнчө макулдашууну түзүү талап кылынбайт. Арбитраждык макулдашуунун бар болуу жана жарактуу маселеси Сырткы соода арбитражы жөнүндө 1961-ж Европалык конвенцияда жана ЮНСИТРАЛдын Типтүү мыйзамынын 16(1)-беренесинде бекитилген *"компетенциянын компетенциясы"* принциби боюнча эл аралык арбитраждык органдын өзү тарабынан аныкталат. Кыргыз Республикасында бул доктринанын маңызы "Бейтарап соттор жөнүндө" мыйзамдын, эл аралык арбитраждын компетенциясы тийиштүү арбитражда гана каралуу мүмкүндүгүн алдын ала караган 14-беренесинде бекитилген.

Арбитраждык эскертменин бар болуу жана жарактуу маселесин кароодо пайда болгон көйгөйлөрдүн арасынан төмөндөгүлөр бөлүнүп алынган жана аларга талдоо жүргүзүлгөн: арбитраждык эскертменин формасы (жазуу түрүндө, оозеки, кат-кабарларды алышуу жолу менен), талаптагыдай таризделиши жана ыйгарым укуктуу адамдар тарабынан кол коюлуусу (тараптардын так чагылдырылган эрки), түзүлүшү жана мазмуну, тараптардын арбитраждык эскертмесиндеги үчүнчү жактардын статусу, аткаруу өндүрүшү баскычында арбитраждык эскертменин аракети.

Ошентип, жүргүзүлгөн талдоо эл аралык коммерциялык арбитражда арбитраждык макулдашуу териштирүү баскычында да, аткаруу өндүрүшүндө да сакталышы керек болгон эркин экономикалык жүгүртүү жана тараптардын өз алдынча эркин принциптерине негизделген деп резюмелөөгө мүмкүндүк берет.

*"Мамлекеттик соттун бейтарап соттор жана эл аралык коммерциялык арбитраждар менен болгон өз ара аракеттешүүсү: конституциялык-укуктук мүмкүнчүлүктөр жана юрисдикциянын чеги"* **деген экинчи бөлүктө** эл аралык арбитраждардын чечимдерин ыктыярдуу аткарууга аргасыз кылуу жана демилгелөөнүн механизмдери каралат, автордун оюу боюнча аларга негизги натыйжалуулукту мамлекеттик соттук бийлик берет. О.Ю. Скворцов белгилегендей "бейтарап соттор ишкердик коомдоштукту өз алдынча жөнгө салуучу инструмент катары иштөөсү керек экендигине карабастан, бейтарап териштирүүнү мамлекеттик колдоосуз бул юрисдикциялык институттун калыптануусу өтүү кыйын болгон тоскоолдуктарга дуушар болот" [*Скворцов, О. Ю. Третейское разбирательство предпринимательских споров в России: проблемы, тенденции, перспективы [Текст] / О. Ю. Скворцов. – М.: Волтерс Клувер, 2005. – 704 с.*]. Кыргызстанда өз ара аракеттешүүнүн негизги формалары болуп төмөндөгүлөр эсептелет: 1. Талашты чечүү үчүн бейтарап сотко берүү. 2. Доо арызды кабыл алуудан баш тартуу. 3. Доо арызды кайтаруу. 4. Арызды кароосуз калтыруу. 5. Иш боюнча өндүрүштү токтотуу. 6. Доону камсыз кылуу, доону камсыз кылуунун түрүн экинчиси менен алмаштыруу, үзгүлтүксүз иштеген бейтарап сот тарабынан жүзөгө ашырылган бейтарап териштирүүдө тараптын арызы боюнча доону камсыз кылуудан баш тартуу боюнча чара көрүү жөнүндө маселелерди кароо. 7. Аларды мажбурлап аткартууга аткаруу барагын берүү жолу менен бейтарап соттордун чечимдерин таануу жана аткартуу. Муну менен бирге, мамлекеттик соттордун бейтарап соттор жана эл аралык коммерциялык арбитраждар менен өз ара аракеттешүүсү эл аралык коммерциялык арбитраждардын ишмердигине мамлекеттик соттук контролду жүзөгө ашыруунун ыкмасы болуп эсептелет. Изилдөөнүн авторунун оюу боюнча бул логикага туура келет, анткени, ушунун негизинде мамлекет жарандык коомго сырткы экономикалык жана

социалдык чөйрөнүн туруктуу өнүгүүсүн жана буга ылайык ишкердик ишмердиктин субъектилеринин укуктарынын жана мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарынын корголушун камсыз кылып жатат.

Ошентип, мамлекеттик соттордун бейтарап соттор жана эл аралык коммерциялык арбитраждар менен болгон өз ара аракеттешүүсүнүн призмасы аркылуу жүзөгө ашырылган мамлекеттик контроль талашты чет өлкөгө чыгаруу мүмкүнчүлүгүн караган тигил же бул эл аралык-укуктук инструментте катышуусунун натыйжалуулугун жана максаттуулугун баалоого, ошондой эле көйгөйдү аныктоого жана эл аралык коммерциялык арбитраждын маселелерин жөнгө салуучу ата мекендик мыйзамдарды жакшыртууга, алар кабыл алган чечимдерди таанууга жана аткарууга мүмкүндүк берет.

*"Чет элдик инвестициялар чөйрөсүндөгү чет элдик арбитраждык чечимдерди таануу жана аткаруу институту: абалы, келечеги жана чечүү жолдору"* **деген үчүнчү бөлүктө** автор тарабынан Кыргызстанды өлкөнүн мамлекеттик сот системасынын чегинен чыгарылган көптөгөн инвестициялык талаштарга тартуунун себептери, негиздери, мүмкүн болуучу тобокелдиктери талданат жана аныкталган көйгөйлөрдү чечүү боюнча бир катар сунуштамалар келтирилет.

Өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүн жакшыртуу үчүн ар түрдүү тармактарга чет элдик инвестицияларды тартууга умтулууда мамлекет өлкөгө пайда алып келбеген келишимдерге кол коюу, инвесторлого узакка созулган салык жеңилдиктерин берүү, өзүнүн соттук иммунитетинен, доону алдын ала камсыз кылуудан иммунитеттен, чет элдик арбитраждык чечимди аткаруудан иммунитеттен баш тартуу менен жогорку бааны төлөшөт, б.а. мамлекеттер чет өлкөлүк арбитраждык органдын чечимин кабыл алууга жана аткарууга алдын ала макулдугун беришет. Негизинен бул 3 ыкма менен болот: чет элдик инвестор менен кабыл алган мамлекеттин ортосунда өз алдынча инвестициялык контрактты түзүү аркылуу; инвесторлордун мамлекети менен инвестицияны кабыл алып жаткан мамлекеттин ортосунда түзүлгөн инвестицияларды өз ара коргоо жана демилгелөө жөнүндө эки тараптуу макулдашуунун алкагында; же болбосо кабыл алып жаткан мамлекеттин чет элдик инвестициялары жөнүндө улуттук мыйзамдардын жоболорунун негизинде.

Чет элдик инвестициялар чөйрөсүндөгү талаштарда жоопкер катарында суверендүү мамлекеттин атынан алардын Өкмөтү чыгат. Анын натыйжасында, чет элдик компаниялар өзүлөрүнүн ишмердигине өлкөнүн Өкмөтүнүн бардык кийлигишүүлөрүнө эл аралык деңгээлде каршылык көрсөтүүгө юридикалык жактан бекитилген мүмкүнчүлүккө ээ, ал инвесторлордун оюу боюнча алардын пайда табуусуна таасирин тийгизет же таасирин тийгизиши мүмкүн. Инвесторлор мамлекетке эл аралык инвестициялык арбитражды баштоого коркутуу жолу менен басым жасашы мүмкүн. Кыргызстанды жоопкер катарында тарткан инвестициялык талаштардын тез-тезден болуусу: - өлкөнүн инвестициялык климатын начарлатат; - мамлекетке каршы чечим чыгаруу жана ага ылайык чет элдик инвесторлорго бир топ суммадагы компенсацияны төлөөгө мажбурлоо тобокелдиги дайыма болуп турат; - өлкөнүн жарандарын мыйзамда каралган мамлекеттик колдоону алуу укугунан жана мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу менен мамлекеттик казынаны бүлдүрөт; - жарандардын мамлекет тарабынан жүзөгө ашырылган сырткы жана ички саясатка ишенбөөсүнүн, элдик толкундоолордун жана көтөрүлүштөрдүн себеби болот. Мындай абалдын негизги себеби болуп эл аралык инвестициялык арбитраждын алкагында потенциалдуу талаштардын мүмкүн болуучу көлөмү жана татаалдыгы Өкмөт тарабынан эске алынбагандыгы, суверендүү мамлекеттер тартылган эл аралык арбитраж жаатында тажрыйбалуу адистердин жоктугу эсептелет, республикалык бюджеттин арбитраждык чыгымдар боюнча эле финансылык жүктөмдөрдү көтөрө албагандыгы этибар алынбайт. Бул, биздин мамлекеттин эл аралык милдеттенмелерге кирүү механизмине Кыргызстанда бирдей жана кесипкөй мамиленин тилекке каршы иштелип чыкпагандыгынан болуп жатат. Экзекватура жол-жобосу жоопкер мамлекеттин улуттук сотторунда да, чет өлкөдө да



мамлекеттик мүлктү өндүрүү жолу менен аткарылышы мүмкүн. Бул жерде негизги аспект катарында өндүрүп алуу жүргүзүлүшү мүмкүн болгон мүлктүн категориясы эсептелет.

Ишмердиктин мамлекеттик түрлөрү илимде жана практикада суверендүү жана ишенимсиз деп бөлүнгөн, алардын натыйжасында жеке менчик укугу түзүлөт. Ошондуктан, мүлктү мажбурлап өндүрүп алуу эң алгач жетүү үчүн мындай мүлк пайдалана турган максатты аныктоону талап кылат [*Европейская Конвенция об иммунитете государств (г. Базель, от 16 мая 1972 года) [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://rm.coe.int/CoERMPublicCommonSearchServices/DisplayDCTMContent?documentId=0900001680073139. – Загл. с экрана.*]. Мамлекеттердин иммунитети жөнүндө Европалык Конвенциянын (1972-ж) 23-беренесине ылайык, соттук чечимди мажбурлап аткартуу же келишим түзгөн башка мамлекеттин мүлкүнө карата коргоо чарасы, качан гана акырыкысы жазуу формасында өзүнүн так чагылдырылган макулдугун берген учурда гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн [*Brownlie, I. Principles of Public International Law [Text] / I. Brownlie. – 7th ed. – Oxford: Oxford University Press, 2008. – 789 p.*]. Ошондой эле, мамлекеттин менчигине карата өндүрүп алууну, камоону жана чечимди аткарууну жүргүзүү башка мамлекеттин сотунда болгон териштирүүгө байланыштуу, ошол учурда гана жана ошондой өлчөмдө кабыл алуу мүмкүндүгү алдын ала каралат:

— мамлекет эл аралык макулдашууда, арбитраждык макулдашууда же кат түрүндөгү контрактта, сотко берген арызында же тараптар ортосунда талаш пайда болгондон кийин кат түрүндөгү билдирүүсүндө мындай чараларды кабыл алууга макулдугун берген;

— мамлекет бул териштирүүнүн объектиси болгон доону канааттандыруу үчүн менчикти резервге калтырган же белгилеп койгон;

— менчик мамлекет тарабынан мамлекеттик коммерциялык эмес максаттарга эмес, башка максаттарга пайдалануу үчүн түздөн-түз колдонулгандыгы же арналгандыгы жана соттук чечим чыгарылгандан кийин мажбурлоо чаралары соттук териштирүү башталган менчикке карата гана кабыл алынышы мүмкүн болгон шартта соттун мамлекетинин аймагында тургандыгы аныкталган.

Кыргызстан жогоруда көрсөтүлгөн Европалык Конвенциянын катышуучусу болбосо дагы жана эл аралык инвестициялык чечимдер боюнча өндүрүп алуу үчүн менчикти резервге калтырууга өзүнүн макулдугун билдирбесе дагы, эл аралык практикада өндүрүп алынышы мүмкүн болгон менчиктин жалгыз түрү катарында (өндүрүп алууну жүзөгө ашырып жаткан соттун аймагында болсо) мамлекет тарабынан коммерциялык максатта колдонулуп жаткан менчик болот [*Bjorklund, A. K. State Immunity and the Enforcement of Investor-State Arbitral Awards [Text] / A. K. Bjorklund // International investment law for the 21st century: essays in honor of Christoph Schreuer / edc.: C. Binder, U. Kriebaum, A. Reinisch, S. Wittich. – Oxford, 2009. – P. 302-303.*]. Мамлекет тарабынан мамлекеттик коммерциялык максаттарда колдонулуп жаткан же арналган мамлекеттик мүлк мажбурлоо чараларынан иммунитетке ээ болот.

Ошентип, Кыргызстан менен эки тараптуу, көп тараптуу түзүлгөн эл аралык келишимдердин жана конвенциялардын эл аралык-укуктук базасы айрым документтерге максаттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү жана айрым инструменттерди жокко чыгаруу жаатында кайрадан майда-чүйдөсүнө чейин карап чыгууну талап кылат. Андан тышкары, чет элдик инвесторлор менен мамлекеттин деңгээлинде макулдашууларды түзүүдө бүтүм түзүүгө кирген факт жүзүндөгү укуктук мамилелердин квалификациясын жүргүзүү жана мамлекеттин суверендүү менчигинин жашоо жана коомдук-маанилүү объектилерине карата келишимде улуттук мыйзамдардын императивдүү ченемдерин колдонууну талап кылуу зарыл.

## КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча төмөндөгү **негизги корутундулар** түзүлдү:

1. Бейтарап соттордун калыптануусу жана өнүгүүсү сырткы экономикалык мамилелерди либералдаштыруу талаптарына жана мамлекеттин тийиштүү эркине негизделген. Кыргыз Республикасында сырткы экономикалык талаштарды жөнгө салуу боюнча соттон тышкары органдардын санынын өсүүсү, ошондой эле эл аралык арбитраждарда эл аралык талаштардын санынын көбөйүшү, бир жагынан, коммерциялык субъектилердин укуктарын жана мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарын коргоонун бар болгон соттук кепилдиктеринин натыйжалуу эмес индикатору катарында кызмат кылат, экинчи жагынан – мындай талаштарды жөнгө салуу боюнча эл аралык ыкмалардын ролун күчөтөт, алардын бар болгону өз кезегинде эл аралык коммерциялык мамилелердин бардык катышуучуларын тартипке салат жана жалпы өлкөнүн экономикалык, саясий жана социалдык жактан өнүгүүсүнө шарт түзөт.

2. Эл аралык коммерциялык арбитраж өзүнүн маңызы боюнча – бул, бейтарап соттун бир түрү, бирок эл аралык коммерциялык бүтүмдөн келип чыккан, б.а. чет элдик элементти тарткан мүлктүк мүнөздөгү талаштары карайт. Мамлекеттик соттук өндүрүш системасына салыштырмалуу эл аралык коммерциялык арбитраж ишмердиктин принциптери боюнча бир топ артыкчылыкка ээ. Арбитраждык макулдашуу эл аралык арбитраждын юрисдикциясынын негизи катарында негизги контрактка (макулдашуудагы макулдашуу) карата юридикалык жактан өзүнчө жана өз алдынча мүнөзгө ээ болгон жеке укуктук келишимди түшүндүрөт. Арбитраждык макулдашуунун арбитрабелдүүлүгү (чындык) төмөндөгү талаптарга жооп бериши керек:
- укуктук субъекттүү тараптардын бар болуусу (субъективдүү арбитрабелдүүлүк);
- арбитраждык макулдашуунун формасынын сакталышы (формалдуу арбитрабелдүүлүк);
- арбитраждык макулдашууну түзүүгө тараптардын ачык эрки;
- арбитраждык териштирүүнүн талаптагыдай предмети (объективдүү арбитрабелдүүлүк).

3. Бейтарап соттун чечими төмөндөгүлөр катарында эсептелбейт:
- белгиленген талаптарга жооп бербестен, көбүнчө юридикалык фактор, тараптардын эрки менен макулдашылган укуктардын бузулуусу калыбына келтирүү ыкмасы болгондуктан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы түшүнүктө мамлекеттик сот адилеттигинин актысы;
- тынчтык макулдашуусу, бирок аны тараптардын арызы боюнча беките алат.

3. заманбап Кыргызстанда мамлекеттик соттор тарабынан бейтарап соттордун жана эл аралык коммерциялык арбитраждардын чечимдерин кайра кароо жана жокко чыгаруу укугун алдын ала караган укуктук ченемдер жок. Муну менен бирге, бейтарап/эл аралык арбитраждык сотун чечимине каршы чыгуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган ченемдик жоболор арызлануучунун соттук корголуусуна болгон конституциялык укуктарынын бузулушу катарында каралышы мүмкүн эмес. Бирок, бейтарап соттордун чечимдеринин статусу конституциялык деңгээлде бекитилбесе, улуттук соттордун бейтарап соттордун ишмердигине кийлигишүүсүнө тыюу салуу киргизилбесе арбитраждын Кыргызстанда андан ары өнүгүүсү өтө чоң тобокелдикке дуушар болот.

4. эл аралык коммерциялык талаштарды жөнгө салуунун бар болгон укуктук негиздердин көп саны "илинген абалда" турат (мисалы, Вашингтон Конвенциясы) жана Кыргызстан үчүн алардын күчүнө кирүү жол-жоболорунан талаптагыдай өтүү боюнча кандайдыр бир чаралар көрүлбөй келет. Экинчи жагынан, Кыргызстандын Өкмөтү өзүнүн "тынчтык саясатына" түздөн-түз каршы келе турган өкмөттөр аралык макулдашууларды түзүүнү улантып келет. Муну менен бирге, биздин мамлекет, эгерде Кыргызстан эл аралык келишимди сөзсүз таныш керек болсо, анда эл аралык келишимди таануу (ратификациялоо, ратификациялык грамотаны депонирлөө ж.б.) жок деген бул келишим менен өлкөнүн улуттук мыйзамдарынын ченемдеринин ортосундагы коллизияларды жок кылуу үчүн ага укуктук чектөөлөрдү жана эскертмелерди киргизүүгө мүмкүндүк берет.



5. Эл аралык коммерциялык арбитраждын мамлекеттик соттор менен өз ара аракеттешүүсү акыркыда жалпы-укуктук ыйгарым укуктардын кеңирирек спектри болгон шартта зарыл. Эл аралык коммерциялык арбитраждын мамлекеттик соттор менен өз ара аракеттешүү процесси эки тараптуу болушу керек. Кыргызстандын мыйзамдары бейтарап өндүрүштүн компетенциясынын чөйрөсүнө мамлкеттик соттордун кийлигишүүсүнүн чегине конституциялык-укуктук чектөөлөрдү киргизүү бөлүгүндөгү өзгөртүүлөрдү талап кылат. Чет элдик коммерциялык арбитраждардын чечимдерин таанууда жана аткарууда улуттук соттор эл аралык укуктун императивдик ченемдерин жетекчиликке алууга милдеттүү.

6. Мамлекеттик соттордун эл аралык коммерциялык арбитраждар менен өз ара аракеттешүүсү – бул мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруу ыкмасы, ал талашты чет өлкөгө чыгаруу мүмкүнчүлүгүн алдын ала караган тигил же бул эл аралык-укуктук инструментте катышуусунун натыйжалуулугун жана максаттуулугун баалоого, ошондой эле көйгөйдү аныктоого жана эл аралык коммерциялык арбитраждын маселелерин жөнгө салуучу ата мекендик мыйзамдарды жакшыртууга, алар кабыл алган чечимдерди таанууга жана аткарууга мүмкүндүк берет.

7. Эл аралык практика Кыргызстандын коммерциялык ишмердикке тартылбаган мамлекеттик менчигин мажбурлап өндүрүп алуудан коргоп турса дагы, бул Кыргызстан эл аралык инвестициялык чечимдерди аткарбаган учурда биздин өлкөгө карата сырткы экономикалык талаада мажбурлоонун башка чаралары: эмбарго, сырткы финансылык-насыялык жардамды чектөө, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү ж.б. импорттоого жана экспорттоого тыюу салуу сыяктуу чаралар колдонулбайт дегенге кепилик бере албайт.

## ТАЖРЫБАЙЛЫК СУНУШТАМАЛАР

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө биз төмөндөгү тажрыбайлык сунуштамаларди иштеп чыктык:

1. Мамлекеттик соттор менен бейтарап соттордун жана эл аралык коммерциялык арбитраждардын өз ара аракеттешүүсүнүн улуттук концепциясын иштеп чыгуу зарыл.

2. Иштелип чыккан Концепциянын негизинде Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук базасын "Аткаруу өндүрүшү жөнүндө" жаңы кодексти иштеп чыгуу жана ишке киргизүү жолу менен жаңылоо сунушталат, ага бейтарап соттордун чечимдерин мажбурлап аткартуу, ошондой эле чет элдик арбитраждык органдардын чечимдерин таануу жана аткарууга алуу маселелерин жөнгө салуучу укуктук ченемдерди киргизүү зарыл. Бул иштеп жаткан мыйзамдарды иретке эле келтирбестен, аткаруу өндүрүшүнүн иштелип чыккан практикасынын тажрыйбасын эске алуу менен бар болгон укуктук кенемтелерди жөнгө салуу үчүн аны мамлекеттик эл аралык милдеттенмелери менен унификациялоого мүмкүндүк берет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө мурда ратификацияланган бир катар конвенцияларды жана эл аралык келишимдерди, айрыкча эл аралык арбитраждардын Кыргыз мамлекетинин катышуусундагы инвестициялык талаштарды кароо компетенциясын жөнгө салгандарды жок кылуу жана алардан чыгуу мүмкүнчүлүгүн кароо максаттуу.

3. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 58-беренесине, бейтарап соттордун жана эл аралык коммерциялык арбитраждардын чечимдеринин акыркы болуу принцибин конституциялык деңгээлде бекитүү менен өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл, бул мамлекеттик мыйзамдар менен бул принциптин ички карама-каршылыгын жок кылат жана жеке укуктук талаштарды чечүү үчүн ыңгайлуу чөйрөнү түзөт.

4. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин төмөндөгү редакциядагы 1-пунктү: "Ар кимге ушул Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоого кепилдиктер берилет. Мамлекет адамдын жана жарандын

укуктары менен эркиндигин коргоонун соттон тышкары жана сотко чейинки усулдарын, түрлөрүн, ыкмаларын өнүктүрүүнү камсыздайт." Өзгөртүлүп, төмөндөгү редакцияда жазылсын: "Ар кимге ушул Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган анын укуктары менен эркиндигин соттук, соттон тышкары жана сотко чейинки коргоого кепилдиктери берилет. Мамлекет адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндигин коргоонун соттон тышкары жана сотко чейинки усулдарын, түрлөрүн, ыкмаларын өнүктүрүүнү камсыздайт.".

Чынында, "...соттон тышкары жана сотко чейинки усулдарын, ... камсыздайт" формулировкада алардын сакталышына мамлекеттик кепилдиги түшүндүрүлбөйт. Ошондуктан, бул сүйлөм арбитраждык соттордун статусунун ишмердигин жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун соттук ыкмалары менен барабар катарында конституциялык бекитүү зарылчылыгына негизделген, ошондой эле Кыргыз Республикасы өзүнө кабыл алган тийиштүү эл аралык милдеттенмелердин сакталышына кепилдик берет.

5. "Кыргыз Республикасындагы инвестициялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 24-апрелиндеги № 64 мыйзамынын 1-беренесине жок дегенде төмөндөгү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат:

- инвестициялардын башка түрлөрүн кыскартуу менен "түз инвестициялар" деген түшүнүк гана сакталып калсын жана көрсөтүлгөн берененин 1-пунктунун төмөндөгү жобосу алып слынсын: "- инвестициялоонун Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка формалары. Мүлк инвестицияланууучу форма же бул форманын өзгөрүшү инвестиция катары анын мүнөзүнө таасирин тийгизбейт.". бул чет элдин катышуусундагы коммерциялык сектордун өзүнүн укутарын кыянаттык менен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жок кылат жана Кыргыз Республикасына каршы эл аралык коммерциялык арбитражга берилген доолордун санын кыскартат;

- кызыкчылыктардын классификациясын белгилеген 3-пункттагы 4 жана 5-пунктчалар алып салынсын: 4)юридикалык жак болуп эсептелбеген чет элдик уюм; 5) эл аралык уюм. 4-пунктчада, Кыргызстанда, мындай субъектинин башка өлкөдөгү резиденттиги, мындай уюмдун ишмердигине контролду жүзөгө ашыруунун кыйынчылыктары, негизделбеген талаптардын жана арбитраждык териштирүүлөрдүн болуусуна жогорку тобокелдик менен байланышкан салыктык жоготуу тобокелдиктери пайда болот. 5-пунктчада, чет элдик коммерциялык компаниялар менен болгон инвестициялык макулдашууларды мамлекеттик деңгээлде таанылган милдеттенмелердин статусуна чейин көтөрүү опурталдуу болуп эсептелет. Бул сунуштама мамлекеттин жоопкерчиликтен качуу ыкмасын же чет элдик инвесторлордун укуктарын бузуу мүмкүнчүлүгүн болжолдобойт. Бул идея Кыргызстан тарабынан чет мамлекеттер менен инвестицияны өз ара колдоо жана коргоо жөнүндө 34төн ашык эки тараптуу келишимдер түзүлгөн фактысына негизделген. Буга ылайык, инвестор, эгерде укуктары мамлекет тарабынан чын эле бузулган болсо, эл аралык арбитраж аркылуу өзүнүн укуктарын коргоо үчүн дайыма укуктук негизге ээ болот.

- көрсөтүлгөн мыйзамдын 1-беренесинин төмөндөгү редакциядагы 4-пункту: "Инвестициялык ишмердик - инвестордун өз инвестициясына карата иштиктүү аракетти жүзөгө ашыруусу" төмөндөгү редакцияга алмаштырылсын: "Инвестициялык ишмердик – бул түз инвестицияларды факт жүзүндө салуу жана пайда табуу жана (же) мамлекеттин экономикасында башка маңыздуу пайдалуу натыйжага жетүү максатында практикалык аракеттерди жүзөгө ашыруу". Бул өзгөртүү "инвестициялык ишмердик" түшүнүгүн эркин чечмелоо жана/же бурмалоо мүмкүнчүлүгүн жок кылат, бул эл аралык арбитраждык териштирүүлөр демилгеленген учурда Кыргыз мамлекетинин позициясын бекемдейт.

6. "Кыргыз Республикасынын сотторунун статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 1-беренесине ылайык Жогорку соттун Конституциялык палатасына соттун статусу ыйгарылган. Бирок, белгилүү болгондой бул учурда мисалы,



палата тарабынан кабыл алынган чечимдерди мажбурлап аткартууга алып келбеген конституциялык сот өндүрүшү жөнүндө сөз болуп жатат, б.а. материалдын аспект жок. Бирок, ал акыркы, даттанууга жатпайт жана бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймактарында аткарылууга тийиш. Бирок, республикада чечимдерди аткаруунун конкреттүү механизми каралган эмес, буга байланыштуу мыйзам жаратуучуларга Конституциялык палатанын актыларын аткаруу тартибин иштеп чыгып, орнотуусу керек.

7. Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 8-майындагы № 15 иштеп жаткан Жарандык кодексинин 10-беренесинин төмөндөгү редакциядагы 1-пункту: "Бузулган же талашылып жаткан граждандык укуктарды коргоо сот тарабынан иштин процессуалдык мыйзамдарда же келишимде белгиленген таандык болушуна ылайык жүзөгө ашырылат" өзгөртүп жана төмөндөгү редакцияда толуктап жазуу керек: "Бузулган же талашылып жаткан граждандык укуктарды коргоо сот же бейтарап сот тарабынан иштин процессуалдык мыйзамдарда же келишимде белгиленген таандык болушуна ылайык жүзөгө ашырылат". Мындай формулировка талаштарды келишимдик органдар аркылуу жөнгө салуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө конституциялык ченемге ылайык келет.

8. Кыргыз Республикасынын жарандык жана жарандык-процесстик кодексине *астрен* институтун, б.а. бейтарап/арбитраждык соттун чечими менен белгиленген милдеттенменин карыз болгон адам тарабынан аткарылбагандыгынын ар бир мөөнөтү өткөн күн үчүн кошуп төлөөнү (неустойка) өндүрүп алууну киргизүү сунушталат. Бул кабыл алынган чечимдин ыкчам аткарылышына кыйыр шарт түзүүнүн натыйжалуу механизми катарында кызмат кылат. Ошентип, жоопкер/карыз адам доогерге/өндүрүүчүгө берилүүчү бересесинин суммасынын өсүүсүн каалабайт. Кошуп төлөөнү (неустойка) баалоого процесстик, б.а. аткаруу өндүрүшүнүн алкагында бейтарап же эл аралык коммерциялык арбитражга кайрылуу зарылчылыгысыз кошуп төлөөнү (неустойка) мамлекеттик сот тарабынан өндүрүүнү болжолдогон мүнөз берүү сунушталат. Муну менен бирге, астрентанын өлчөмүн доонун талаптарынын өлчөмү менен байланыштырбастан, сумманы төлөөгө жана астрентти төлөө убагына токтом чыгаруу менен сот бейтарап/эл аралык арбитраждык соттун чечимин аткаруудан баш тартуусу боюнча жоопкердин ак ниеттүүлүк даражасын эске алышы мүмкүн экендигин алдын ала кароо менен бул маселени чечүүнү соттун өз алдынча кароосуна берүү керек. Андан тышкары, астренттин суммасын мамлекет менен доогерге пайыздык катышта бөлүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат. Мунун негизинде, жоопкердин бейтарап/эл аралык арбитраждык соттун акыркы чечимин аткарууну атайлап чойгондугу жана мамлекеттик сот системасынын өкүлдөрүнүн убактысын негизсиз коротондугу үчүн мамлекет өзүнүн "чыгымдарын" жаап алышы мүмкүн. Ошондой эле, Жарандык-процесстик кодекске бейтарап/эл аралык коммерциялык арбитраждарга далилдерди чогултуу жана алууну камсыз кылууда көмөк көрсөтүү боюнча мамлекеттин жана тийиштүү органдардын функцияларын киргизүү сунушталат.

9. бейтарап же эл аралык коммерциялык арбитраждын чечимин таануу жана мажбурлап аткартуу баскычында жоопкер тараптын өзүнүн укуктарын кыянаттык менен пайдалануусун жок кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын жарандык-процесстик кодексине эл аралык коммерциялык арбитраждын чечимин таануу жана аткаруу жөнүндө доогердин арызына карата мамлекеттик сотко каршы арызын берүүдө мамлекеттик салыкты ( пошлинаны) төлөө боюнча жоопкердин милдетин алдын ала карай турган ченемди киргизүүгө болот. Тараптын өз укуктарын кыянаттык менен пайдалануусун жок кылуунун экинчи варианты катарында бейтарап/чет элдик арбитраждык соттун чечимин мажбурлап аткартуудан баш тартуу үчүн мамлекеттик сот процесстик негиздерди белгилебесе, чечимдин натыйжалуу аткарылышын камсыз кыла турган депозитке салуу институтун киргизүүнү сунуштаса болот.

10. Чет элдик арбитраждык чечимдердин аткарылышын камсыз кылуу жана тараптын келишим боюнча сотко караштуулукка кирген иштер боюнча тараптардын макулдашуусун тастыктаган документти мамлекеттик органга алып келүүсү бөлүгүндөгү субъективдүү соттук мамилени жок кылуу максатында Кыргыз Республикасынын 25.01.2017-жылдагы иштеп жаткан Жарандык-процесстик кодексинин 48-главасынын 430-беренесинин 3-пунктунун 7-пунктчасын өзгөртүп жана төмөндөгү редакцияда жазуу зарыл: «*7) тараптардын келишим боюнча сотко караштуулукка кирген иштер боюнча макулдашуусун жазуу же башка формада тастыктаган, документ башка тараптан келгендигин так аныктоого мүмкүндүк берген документ* ».

11. Кыргызстанда укук колдонуу практикасы дайыма изилденип жана практика жүзүндө иштеп жаткан юристтер, судьялар, мыйзам жаратуучулар менен жалпыланып турушу керек. Ал үчүн ЖОЖдордогу юридикалык факультеттердин билим берүү программасын өнүктүрүү, эл аралык коммерциялык арбитраж жаатындагы адистиктеги жогорку жана диплом алгандан кийинки билим берүү программаларын демилгелөө, жактоочулук ишмердик менен алектенүү укугуна лицензия алууга талапкерлигин койгон адамдар үчүн квалификациялык сынакка эл аралык укук предметин кошуу боюнча милдеттүү талаптарды киргизүү талап кылынат, бул жалпы республика боюнча адистердин санын жана алардын квалификациясын кеңейтет.

12. Кыргызстандын эл аралык-укуктук милдеттенмелерин талаптагыдай аткаруусун камсыз кылуу үчүн Өкмөт судьялар, юристтер, окумуштуу-укук таануучулар жана бейтарап соттордун өкүлдөрү менен кызматташууда Кыргызстан тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимдердин жана конвенциялардын, колдонулуучу улуттук мыйзамдардын өзгөчөлүгүнүн негизинде эл аралык коммерциялык арбитраждардын чечимдерин таануу жана аткарууга кабыл алуу жол-жобосуна комментарий практикасын иштеп чыгуу жана жайылтуу зарылчылыгын карап чыгуу зарыл. Бул тапшырма Кыргызстанда иштеген Дүйнөлүк банк, БУУнун Өнүктүрүү программасы, USAID сыяктуу эл аралык уюмдардын мындай кеңселерин түздөн-түз колдоо менен дагы ишке ашышы мүмкүн.

13. Тышкы экономикалык саясатта багыттарды тандоодо Кыргызстан талаштарды кароонун эл аралык практикасына өзгөчө көңүл буруусу зарыл. Эл аралык келишимдерди жана конвенцияларды, өкмөттөр аралык макулдашууларды түзүүдө жана жүргүзүүдө кесипкөй жана комплекстүү мамилени күчөтүү максаттуу, анткени мамлекеттин тышкы аракеттери анын эл аралык милдеттенмелеринин алмашкыс булагы болуп калат.

14. Эл аралык коммерциялык арбитраждардагы инвестициялык талаштардын бир топ өсүшү менен байкалган пайда болгон абалды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына Мамлекетти өнүктүрүү программаларына ылайык чет элдик инвестицияларды бар иш каналдарды ачуунун кеңейтилген тартибин киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат. Бул инвестицияларды муктаж болгон өндүрүштүк секторлорго бирдей тартылышын контролдоого эле мүмкүндүк бербестен, мамлекеттик органдардын инвестицияларга көз жеткүүсүнө жана буга ылайык реалдуу инвестициялык ишмердикти жүзөгө ашырууну ийгиликтүү колдоосуна жана талаштардын пайда болуусун жок кылууга мүмкүндүк берет.

15. Кыргыз мамлекетин тарткан тышкы экономикалык келишимдерди жана макулдашууларды, инвестициялык макулдашууларды түзүүдө төмөндөгүлөр сунушталат:

1. арбитраждык эскертмеге пикир келишпестиктер арбитраждык жөнгө салуу колдонула электе чейин кесипкөй медиаторлорду тартуу менен милдеттүү жол-жобону (*cooling-off period*) киргизүү, бул эки тараптын ашыкча финансылык чыгымдарсыз консенсуска келүү жана эл аралык арбитраждык териштирүүнү жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет, ошондой эле эл аралык арбитражга катышууга даярдалган чараларды кабыл алуу үчүн мамлекетке убакыт берет (эгерде мындай боло турган болсо);



2. арбитраждын жол-жобосунда процесстик аракеттерди аткарууга узагырак жана тагырак мөөнөттөрдү алдын ала кароо (арбитраларды тандоого, каршы пикирлерди түзүүгө жана жөнөтүүгө), анткени мисалы, эл аралык инвестициялык арбитражда мамлекет тартылган болсо, андан башталган арбитраж, каршы пикир берүү ж.б. жөнүндө билдирүүгө ыкчам чара көрүүсүн күтпөй эле койсо болот. Кыска мөөнөттөр дайыма мамлекетти жеке компаниялар менен тең эмес абалга коет, ийкеми жок мамлекеттик машинага караганда булар документтерди макулдашуунун, жактыруунун жана кол коюунун көптөгөн эрежелерине байланышпагандыктан өтө тез иштеши мүкүн. Буга ылайык, көп учурда эл аралык инвестициялык арбитраждардагы Кыргызстандын алсыз жагы катарында арбитраждык органдын компетенциясына, арбитрлерди тандоо тартибине, арбитраж өтө турган ордуна ж.б. карата каршы пикирин берүү мөөнөтүн өткөрүп жиберүүсү болуп калат.

3. эл аралык арбитраждык органдардын юрисдикциясын алдын ала караган мамлекет тарабынан түзүлгөн макулдашуулар боюнча контроль жүргүзүү үчүн ыйгарым укуктуу министрликти дайындоо. Бул кайчы пикирлердин пайда болуусунун бардык учурун, алар арбитраждык талашка өтүп кете электе чейин өз убагында чара көрүүгө мүмкүндүк берет. Буга байланыштуу, мындай министрликтер түзүлүп жаткан макулдашуулардын талаптагыдай документтик базасы, тез өзгөрүп турган эл аралык мыйзамдардан кабардар болуп туруу жана эл аралык коммерциялык арбитраждын практикасына ээ болуу максатында квалификациясын дайыма жогорулатуудан өтүп турган тажрыйбалуу адистер менен камыздалышы керек.

**Диссертациялык иште камтылган негизги жоболор автордун төмөндө жарыяланган иштеринде чагылдырылган:**


1. Искусство побеждать в третейском суде [Текст] / И.С. Сатаркулова // Научно-методический журнал «Право и политика», 2014. №2.
2. Конституционный статус норм международных договоров в правовой системе Кыргызской Республики [Текст] / И.С. Сатаркулова // Научно-методический журнал «Право и политика», 2015. №1.
3. Источники правового регулирования международного коммерческого арбитража [Текст] / И.С. Сатаркулова // Международный научно-практический журнал «Право и закон», 2016. №1.
4. Азиз К., Сатаркулова И.С. Допустимость пересмотра по вновь открывшимся обстоятельствам определения суда о выдаче исполнительного листа на принудительное исполнение решения третейского суда [Текст] / К. Азиз, И.С. Сатаркулова // Вестник научных конференций, №12-5(и), г. Тамбов, 2016.
5. Азиз К., Сатаркулова И.С. О конфиденциальности как принципе третейского разбирательства [Текст] / К. Азиз, И.С. Сатаркулова // Вестник научных конференций, №12-5(и), г. Тамбов, 2016.
6. Сатаркулова И.С. Институт третейского суда в Кыргызстане: краткая история становления и правовой статус [Текст] / И.С. Сатаркулова // Научный альманах, №1-4(22), г. Тамбов, 2017.
7. Отдельные правовые особенности МЦУИС как института по урегулированию международных споров, вовлекающих Кыргызскую Республику [Текст] / И.С. Сатаркулова // Международный научно-практический журнал «Право и закон», 2017. №2.

**Сатаркулова Индира Сабатбековнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы жана 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн "Заманбап Кыргызстанда эл аралык коммерциялык арбитраждын чечимдерин таанууну жана аткарылуусун камсыз кылуучу теориялык-укуктук жана конституциялык механизмдери" деген темадагы диссертациялык изилдоосүнө РЕЗЮМЕСИ**


**Негизги сөздөр:** теорялык жана конституциялык-укуктук негиздер жана механизмдер, бейтарап сот, эл аралык коммерциялык арбитраж, мамлекеттик сот, компетенциянын чеги, чет элдик инвестициялар, чечимдерди мажбурлап таанытуу жана аткартуу.

Ушул изилдөөнүн **негизги объектиси катарында** эл аралык коммерциялык арбитраждын ишмердигинин жана анын тарыхый өнүгүүсүндө чыгарган чечимдеринин аткарылышынын процессинде жана укуктун өнүгүүсүнүн ар түрдүү этаптарындагы конституциялык-укуктук өзгөчөлүктөрдөн пайда болгон коомдук мамилелер эсептелет.

Изилдөөнүн **предмети** болуп, талаштарды кароодо эл аралык коммерциялык арбитраждардын ишмердигин, эл аралык коммерциялык арбитраждардын чечимдерине каршы чыгуу, аларды таануу жана аткарууга алуу маселелери боюнча мамлекеттик соттордун практикасын конституциялык-укуктук жөнгө салуу эсептелет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты.** Ушул диссертациялык иштин негизи максаты эл аралык коммерциялык арбитраж институтунун ишмердигинин теориялык негиздерин иштеп чыгуу, алар тарабынан чыгарылган чечимдердин конституциялык-укуктук статусун аныктоо жана Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн иштеп жаткан мыйзамдарын, аны колдонуу практикасын, ошондой эле колдонулуучу илимий изилдөөлөрдү талдоо аркылуу чет элдик арбитраждык чечимдерди таануу жана аткарууга алуу жол-жоболрун ишке ашыруу механизмдерин орноткон мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу менен корутундуланат.

**Диссертациялык изилдөөнүн методологиясын** талдоо, синтез, жалпылоо, окшоштук, системдүү, тарыхый-укуктук, салыштырма-укуктук, социалдык мамиле, логикалык изилдөө, диалектика, моделдөө, укуктук интерпретациялык, индукция дедукция методу, фомалдык-юридикалык, байкоо методу, баяндоо, абстракциялоо ж.б. ушул сыяктуу түшүнүктөр түзөт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы,** аны жүргүзүүдө илимий-изилдөө тартибинде биринчи жолу укуктук жөнгө салуунун жана укук колдонуучулук практиканы эске алуу менен Кыргызстандагы бейтарап сот жана эл аралык коммерциялык арбитраж институтунун ишмердигинин өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары, теориялык-укуктук негиздери, заманбап конституциялык-укуктук жөнгө салынуусу гана комплекстүү талданбастан, жүргүзүлгөн изилдөөгө негизделген практикалык сунуштамалар иштелип чыккан. Эл аралык коммерциялык арбитраждардын жана бейтарап соттордун Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн мыйзамдарына карата салыштырма талдоосу изилденген жана түзүлгөн.

**Диссертациялык иштин материалдарынын пайдалануу даражасы**: а) эл аралык коммерциялык арбитраждар тарабынан чыгарылган чечимдерди таануу жана аткаруу жаатындагы Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарын, б) чет элдик арбитраждык чечимдерди таануу жана аткаруу боюнча аларга берилген ыйгарым укуктарын ишке ашырууда мамлекеттик соттордун жана сот аткаруучулардын укук колдонуу практикасын өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн болгон практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу менен корутундуланат. Кыргыз Республикасында иштеген окумуштуу-укук таануучулар үчүн илимий эмгектерди жана басылмаларды даярдоодо жардамчы материал катарында, практика жүзүндө иштеген юристтерге; - Кыргыз Республикасынын ЖОЖдордун окуу курстарында чагылдырылышы жана пайдаланылышы мүмкүн; - эл аралык коммерциялык талаштарга тартылган субъектилер тарабынан колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу жааты**: укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы, конституциялык укук, муниципалдык укук.




**РЕЗЮМЕ**

**Диссертационного исследования Сатаркуловой Индиры Сабатбековны на тему: «Теоретико-правовые и конституционные механизмы, обеспечивающие признание и исполнение решений международного коммерческого арбитража в современном Кыргызстане» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01 - теория и история права и государства, история учений о праве и государстве и 12.00.02 - конституционное право, муниципальное право**


**Ключевые слова:** теоретические и конституционно-правовые основы и механизмы, третейский суд, международный коммерческий арбитраж, государственный суд, пределы компетенции, арбитраж, вовлекающий государство, иностранные инвестиции, принудительное признание и исполнение решений.

**Основным объектом** настоящего исследования являются общественные отношения, складывающиеся в процессе деятельности международного коммерческого арбитража и исполнении выносимых им решений в контексте его исторического развития и конституционно-правовых особенностей на разных этапах развития права.

**Предметом** исследования выступает конституционно-правовое регулирование деятельности международных коммерческих арбитражей при рассмотрении споров, практики государственных судов по вопросам оспаривания, признания и приведения в исполнение решений международных коммерческих арбитражей.

**Цель диссертационного исследования.** Основная цель настоящего диссертационного исследования заключается в разработке теоретических основ деятельности института международного коммерческого арбитража, определении конституционно-правового статуса выносимых им решений и в выработке предложений по совершенствованию законодательства, устанавливающего механизмы реализации процедуры признания и приведения в исполнение иностранных арбитражных решений посредством анализа действующего законодательства Кыргызской Республики и зарубежных стран, практики его применения, а также применимых научных исследований.

**Методы диссертационного исследования:** методы познания, как: анализ, синтез, обобщение, аналогия, системный подход, историко-правовой, сравнительно-правовой, социологический, логическое исследование, диалектика, моделирование, правоинтерпретационный, метод индукции и дедукции, формально-юридический, методы наблюдения, описание, абстрагирования и др.

**Научная новизна исследования** определяется тем, что в результате его проведения были впервые в научно-исследовательском порядке комплексно проанализированы не только исторические этапы развития, теоретико-правовые основы, современное конституционно-правовое регулирование деятельности института третейского суда и международного коммерческого арбитража в Кыргызстане с учетом особенностей правового регулирования и правоприменительной практики, но и выработаны основанные на проведенном исследовании практические рекомендации.

**Степень использования материалов диссертационной работы**: заключается в выработке практических рекомендаций, которые могут быть применены при совершенствовании: а) конституционного законодательства Кыргызской Республики, б) правоприменительной практики государственных судов и судебных исполнителей при реализации вверенных им полномочий по признанию и исполнению иностранных арбитражных решений. Могут послужить вспомогательным материалом для ученых-правоведов, работающих в Кыргызской Республике при подготовке научных трудов и изданий; для практикующих юристов; - могут быть отражены и использованы в учебных курсах ВУЗов Кыргызской Республики; - могут быть использованы субъектами, вовлеченными в международные коммерческие споры.

**Область применения**: теория и история права и государства; история учений о праве и государстве, конституционное право; муниципальное право.

**SUMMARY**

**of the dissertational research by Satarkulova Indira Sabatbekovna on the topic: "Theoretical, legal and constitutional mechanisms ensuring the recognition and enforcement of the decisions of international commercial arbitration in modern Kyrgyzstan" presented for the degree of Doctor of Law by specialty 12.00.01 - theory and history of law and state; history of doctrines about law and state and 12.00.02 - constitutional law; municipal law**

**Key words**: theoretical and constitutional legal grounds and mechanisms, commercial arbitration court, international commercial arbitration, state court, limits of competence, arbitration involving the state, foreign investment, recognition and enforcement of decisions.

**The main object of the research:** the social relations that develop in the course of the activity of international commercial tribunals and the execution of their decisions in the context of historical development and constitutional and legal features at different stages of development of law.

**The subject of the research:** the legal regulation of activities of the international commercial tribunals in dispute resolution, challenging the international arbitral awards, the practice of state courts on the issues of challenging, recognition and enforcement of international commercial arbitration awards.

**The purpose of the research:** theoretical, legal and practical study of the institution of commercial arbitration court, international commercial arbitration and the constitutional and legal status of the decisions issued by them aimed to determine the obstacles, opportunities and mechanisms of implementation of the procedure of recognition and enforcement of awards.

**Methodologies of dissertation research**: include such methods of cognition as: analysis, synthesis, generalization, analogy, system approach, historical-legal, comparative-legal, sociological, logical research, dialectics, modeling, law-interpretation, induction and deduction method, formal-legal, observation methods, description, abstraction, etc.

**The scientific novelty of the dissertation research:** determined by the fact that as a result of the dissertation research, for the first time in scientific-research complex way, by taking into consideration of legal regulation and law enforcement practice, was conducted the analysis not only of historical stages of the development, theoretical and legal grounds, modern constitutional and legal regulation of the institute of commercial arbitration and international commercial arbitration in Kyrgyzstan, but also were developed practical recommendations based on the research.

**The degree of use of the dissertation's research materials:** scientific results can be applied to improve: a) the constitutional legislation of the Kyrgyz Republic in the field of recognition and enforcement of awards issued by international commercial arbitrations, b) law enforcement practice of state courts and court bailiffs in the implementation of their powers on recognition and enforcement of foreign arbitral awards. May serve as an auxiliary material for legal scholars working in the Kyrgyz Republic in the preparation of scientific papers and publications; for practicing lawyers; - may be reflected and used in the training courses of higher educational institutions of the Kyrgyz Republic; - can be used by entities involved in international commercial disputes.

**Scope**: theory and history of law and state; history of doctrines about law and state; constitutional law; municipal law.



**Сатаркулова Индира Сабатбековна**

**АЗЫРКЫ КЫРГЫЗСТАНДА ЭЛ АРАЛЫК КОММЕРЦИЯЛЫК АРБИТРАЖДЫН ЧЕЧИМДЕРИН ТААНУУНУ ЖАНА АТКАРУУНУ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ТЕОРИЯЛЫК-УКУКТУК ЖАНА КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЕХАНИЗМДЕР**

Көлөмү 2,6875 б.т., Нускасы 100, Заказ № 121
«Алтын тамга» басмаканасы,
720040, Бишкек шаары, А.Орозбеков коч., 44.
Тел.: (+996 312) 62-13-10
E-mail: altyntamga@mail.ru